«Жылдын мыкты мугалим-2022» сынагы Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмү тарабынан билим берүү кызматкерлеринин,райондук билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинин,кызыккан мекемелердин жана демөөрчүлөрдүн колдоосу астында өткөрүлөт.

Сабактын багыты:

-Педагогикалык кызматкерлердин билим берүүнүн мазмунун жанылоодогу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:

-Билим берүү процессин уюштуруудагы жаны технологияларды колдоо:

-Педагогикалык кызматкерлердин профессионалдык чеберчилигин өстүрүү:

-Билим берүүнүн коомдогу басымдуу салымын (приоритетин)бекемдөө:

2.Сынактын максаты:

-Мугалимдин кесиптик аброюн көтөрүү:

-Жалпы билим берүүчү мекемелерде эмгектенген таланттуу жана чыгармачыл педагогдорду табуу,колдоо жана сыйлоо.

-Педагогикалык профессионалдык кызматташтыктын баарлашуу чөйрөсүн кенейтүү:

-Райондун алдынкы мугалимдеринин педагогикалык  тажырыйбаларын жайылтуу жана алардын эн мыкты тажрыйбалары жөнүндөгү маалымат булактарын түзүү.

3.Талапкерлерди көрсөтүүнүн тартиби:

-Сынакка бардык типтеги,мамлекеттик жана менчик формасындагы башталгыч,негизги жана орто билим берүүчү мектептердин мугалимдери катыша алат.

-Сынактын райондук этабына талапкерлерди көрсөтүү мектептерде өткөрүлгөн сынактардын жыйынтыгы менен аныкталган 1-орунду гана  ээленген талапкерлер катыша  алат.

-Талапкерлердин сынактын райондук этабына катышуусу анын иш кагаздары райондук уюштуруу комитетинин атайын комиссиясынын кароосунан өткөндөн кийин  гана  камсыздалат.

-Сынакта талапкерлердин жаш курактары жана педагогикалык стаждары чектелбейт.

-Сынакка катышу педагогикалык кызматкерлердин өз каалоосунун гана негизинде жүргүзүлөт.

4.Сынактын өткөрүүнүн шарттары жана мөөнөттөрү:

Сынак 2022-жылдын март айында өткөрүлөт.

Сынакка катышууда талапкерлер уюштуруу комитетине документтерди жөнөтөт:

-Талапкерлердин төрөганын наамына жазган өздүк арызы:

-Талапкердин резюмеси:

-Мектептик этапты уюштуруу комитетинин жолдомосу же сунушу:

-Талапкердин 2 даана(түстүү,9×12см өлчөмүндөгу)сүрөтү:

-Сынактын 1-туруна  сунушталган жазма иштери:

Сынак 3түр менен өткөрүлөт:

1-тур.Жазма материалдарды кароо(2тапшырма)

-«Балдардын чыгармачылыгындагы менин ишмердүүлүгүм»темасына жазган макаласы (3-беттен ашпаган ,12-шрифт) 1-ден 10го чейинки упай.

-Талапкерлердин өз предмети боюнча автордук идеяларын чагылдырган жазма иши (3 беттен ашпаган,12-шрифт) 1ден 10го чейинки упай.

1-турдун жыйынтыгы  2ден 20га чейинки упай менен белгиленет.

2-тур.Сабак өтүү чеберчилиги

-Талапкерлердин өз адистиги боюнча,өзүнө тийиштүү класска,календардык планга ылайык,көрсөтүлгөн расписание боюнча,45 минуталык сабак өтүүсү,3төн 30га чейинки упай.

Сабактар бири-бирине параллель болбогондой шартта,мектептин окуу бөлүмү менен биргеликте уюштуруу комитети тарабынан бир күн мурда расписаниеге киргизилет жана жарыяланат.Кайсыл сабак  канчанчы саатта өткөрүлүшү айрым өзгөртүүлөрдү эске албаганда,жалпысынан мектептин негизги расписаниесин бузбай турган тартипте уюштуруу комитети тарабынан аныкталат.

2-турдан кийинки жыйынтык 1-турдун жыйынтыгы менен кошулуп 5тен 50 го чейинки упай менен белгиленет.Финалга эн жогорку упайларды алышкан 10-катышуучу гана  тандалып алынат.

3-тур.Финалдык презентация.

Талапкерлердин өзүн-өзү жарыялоосу.Мында чыгармачыл жогорку денгээлди көргөзүү,мугалимдик облик аркылуу көрүүчүлөрдүн купулуна толу,өз ишинин чебери легекн бааны алуу,кесиптик ийгиликтерди жаратып жаткандыгын далилдөө ишке ашырылат.(5-7 минута,орточо 1ден 10 го чейинки упай берилет)

Талапкерлердин ынгайсыз 3)үч) суроого жооп бериши .Мында мугалимдин кругозорунун кендиги,көптү билгендиги,окучу үчүн ар кандай шартта насаатчы,тарбиячы,устат катары кандай дарамети бар экендиги сурамжыланат.Суроо 3-багыттагы:

А)улуттук маданият ,адабият искусстводон,

Б)Элдик каада –салт,үрп адат,өнөр,эрежелерден,

В) балалык кыялдардан,мектеп турмушунан ,мугалмдик ишмердүүлүктөн,

Педагогикалык,психологиялык кызыктуу суроолордон түзүлгөн.(Ар бир суроонун туура жообуна 1ден упай берилет.Ар бир талапкерге 3 минутадан берилет.)

«Кесиптердин рейтинги»сынагы. «Чүчүкулак аркылуу талапкерлердин колуна түшкөн кесип бала кызыккан,энсеген,самаган кесип.Балага бул кесип жөнүндө эмнелерди айтып бермексиз?»деген суроого жооп берилет.Бул тапшырма аркылуу талапкерлердин балага келечектеги максатына жетишүүсүнө канчалык даражада жардам,көмөк,үгүт-насаат бере ала тургандай бааланат. (Ар бир талапкерге 5 минутадан убакыт берилет.Орточо 1ден 10го чейинки упайлар коюлат.)

«Талапкердин ийрими» мугалимдердин хоббиси боюнча балдарды өзүнүн айланасына топтоп,аларды чыгармачылыкка үндөйт (Ар бир талапкерге 5 минутадан убакыт берилет.1ден 10го чейинки упайлар коюлат).

Финалдык турдун жыйынтыгында 4(төрт) тапшырмадан алынган упайлардын суммасы эсептелет.

Жалпы сынактын жыйынтыгы 1-2-3-турлардан алынган упайлардын суммасы болуп саналат.

1-турда эн көп упай топтогон талапкерге «Эн мыкты жазма иш үчүн»номинациялык сыйлыгы берилет.

2-турда эн көп упай алган талапкерге «Эн мыкты  чыгармачылык сабак үчүн» номинациялык сыйлыгы берилет.

3-турда эн коп упай топтогон талапкерге «Эн мыкты презентация үчүн»номинациялык сыйлыгы берилет.

1-2-3-турлардын жыйынтык упайларынын суммасы боюнча эн жогорку упай топтогон талапкерге «2022-жылдын мыкты мугалими «деген күбөлүк берилет жана ал сынактын женүүчүсү деп табылат.

5.Сынактын мазмуну

Сынактын жүрүшүндө:

-Чыгармачылык менен иштеген,билим берүү мекемелеринде жогорку  профессионалдык көрсөткүчтөргө жетишкен

-Окуучулардын,ата –энелердин,коомчулуктун жогорку кадыр-баркына ээ болгон:

Ишинин системалуулугунун баасы жана анын сабактарды өтүү,жаш муундарга билим берүүнүн,тарбиялоонун педагогикалык технологияларын,усулдарын,жаны ыкмаларын өздөштүрүү денгээли,коммуникативдик сапаты жогору компотенттүү мугалимдер аныкталат.

-Сынактын бардык турларынын тапшырмаларынын негизинде калыстар комиссиясы сынактын женүүчүсүн жана лауреаттарын аныктайт.Алардын аттары салтанаттуу сыйлоо жыйынында жарыяланат.

6.Сынактын уюштуруу комитети.

Сынакты уюштуруу комитети сынакты уюштурунун бардык маселелерин чечүүнү камсыздоо жана сынактын баардык турларындагы жүрүшүн көзөмөлдөп туруу үчүн түзүлөт .Уюштуруу комитетинин курамы райондук билим берүү  бөлүмүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

Уюштуруу комитети:

-Сынакты өткөрүү мөөнөтүн жарыялайт;

-Сынакты өткөрүүнүн тартибин,формасын,өтүлүүчү жайын жана убагын аныктайт;

-Сынакка кошумча катышуучуларды,аларга укуктарды жана милдеттерди аныктайт;

-Сынактын номинацияларын аныктайт жана бекитет;

-Сынактын калыстар комиссиясынын,эксперттик коммисиясынын ишин уюштурат;

-Комиссиялардын иш регламенттерин бекитет,алардын чечимдерин кабыл алат;

-Женүүчүлөрдү сыйлоону уюштурат;

Уюштуруу комитетинин чечим кабыл алынган акыркы чечим болуп эсептелет.

Эгерде ушул чечим үчүн уюштуруу комитетинин жарымынан көбү добуш берсе,чечим уюштуруу комитетинин кенешмесинин токтому менен кабыл алынат.Токтомго төрага жана катчы кол коет.Эгерде төрага катыша албаса,анын орун басарларынын бири кол коет.Баардык чечимдер райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругу менен  бекитилет.

7.Эксперттик комиссия

-Сынактын ар бир түрүнүн жүрүшүнө акыйкат жана ачык айкын иш жүргүзүүнү камсыздап турат;

-Ар түрдүү суроо-талаптарга өз убагында жооп берет;

-Талапкердин укуктарын коргойт.

8.Сынактын калыстар комиссиялары.

Калыстар комиссиясынын курамы Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчуларынан,директорлордон жана чыгармачыл мугалимдерден бардык түр үчүн 5(беш) адамдан турган курамда түзүлөт.

Калыстар комиссиясынын курамы Райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругу менен бекитилет.

Ар бир катышуучунун материалдарынын сапатын баалайт;

-Катышуучулардын ачык профессионалдык жана чыгармачылык дэнгээлин аныктайт;

-Катышуучулардын сабактарына катышат ;

-Женүүчүнүн жана номинациялардын лауреаттарын аныктайт;

9.Женүүчүлөрдү сыйлоо